**“2020–2024-жылдары кошумча жүргүзүлгөн геологиялык чалгындоо жана эксплуатациялык иштердин натыйжасында кендин геологиялык-өнөр жай баалоосунун өзгөрүшүнө байланыштуу Кумтор кенинин Борбордук тилкесиндеги ачык казып алуу үчүн запастардын кайра эсептөө боюнча Отчетун” аткарууга**

# ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА

| № п/п | Негизги маалыматтар жана талаптардын тизмеги | Негизги маалыматтар жана талаптар |
|---|---|---|
| 1 | Жайгашкан жери. | Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз району, Кумтор алтын кени |
| 2 | Отчеттун буюртмачысы. | «Кумтор Голд Компани» жабык акционердик коому (КГК) |
| 3 | «Отчеттун» аткаруучусу. | |
| 4 | Иштин түрү. | 2020–2024-жылдары кошумча жүргүзүлгөн геологиялык чалгындоо жана эксплуатациялык иштердин натыйжасында кендин геологиялык-өнөр жай баалоосунун өзгөрүшүнө байланыштуу Кумтор кенинин Борбордук тилкесиндеги ачык казып алуу үчүн запастардын кайра эсептөө боюнча отчету (Отчет). |
| 5 | Техникалык тапшырма. | • КГКнын кызматкерлери тарабынан даярдалган жана эл аралык аудиттен өткөн Кумтөр кенинин Борбордук тилкесин ачык иштетүү үчүн блоктук моделди (KS2025) жана запастардын геостатистикалык эсептөөсүн Кыргыз Республикасынын казып алынуучу пайдалуу кендеринин запастары боюнча мамлекеттик комиссиясына (ГКЗ) көрсөтүүгө жана коргоого ылайыкташтыруу.<br>• Ылайыкташтыруунун алкагында көрсөтүлгөн тилкенин запастарын адаттагы ыкмалар менен контролдук эсептөөнү жүргүзүү, ГКЗ экспертизасынан өтүү үчүн кайра эсептөөнү тариздөө.<br>• Такталбаган запастарды эсептен чыгарууну негиздөө максатында 2021–2024-жылдар аралыгында чалгындоо жана эксплуатациялык иштердин маалыматтарын деталдуу салыштыруу.<br>• Салыштыруу колдонуудагы методикалык сунуштамаларга ылайык жүргүзүлсүн.<br>• Салыштыруу бекитилген запастар боюнча (KS2020 блоктук модели), ошондой эле бекитүүгө көрсөтүлгөн запастар боюнча (KS2025 блоктук модели) жүргүзүлсүн.<br>• Запастарды эсептөө менен отчетту зарыл болгон тексттик жана графикалык тиркемелерди камтуу менен ГКЗнын методикалык-ченемдик талаптарына ылайык түзүү. |

| | | |
|---|---|---|
| | | • Тандалган кондицияларды тастыктоо үчүн иштелип чыккан методикалык сунуштамаларга ылайык техникалык-экономикалык варианттык эсептөөлөрдү жүргүзүү, кондицияларды апробациялоо жана KS2025 блоктук модели боюнча ачык иштетүү үчүн запастардын эсептөөлөрүн ГКЗда бекитүү. |
| 6 | Жалпы талаптар / нормалар жана стандарттар | • Иштер тиешелүү тармактар боюнча дипломго ээ жана жетиштүү тажрыйбасы бар адистер тарабынан аткарылышы керек;<br>• Аткаруучу жумуш аткарууга тартылган кызматкерлердин билимин жана тажрыйбасын, алардын мунку аткарган запастарды эсептөө боюнча отчетторду көрсөтүү менен тизмесин берүүсү керек. |
| 7 | “Отчетто” иштелип чыгуучу негизги чечимдер | • Буюртмачы тарабынан берилет. |
| 8 | “Отчетту” түзүү үчүн баштапкы маалыматтар (Буюртмачы тарабынан берилет). | • Кумтор кениндеги геологиялык чалгындоо иштеринин бүткүл мурунку мезгил үчүн материалдары, анын ичинде үлгүлөрдү талдоо маалымат базасы жана электрондук геологиялык документтер.<br>• Кумтор кенинин мурунку запастарды эсептөө жана кайра эсептөө боюнча материалдары.<br>• KS2025 блоктук модели жана анын түзүү ыкмалары боюнча отчет, минералдашкан зоналардын каркастары.<br>• Чалгындоо жана иштеп чыгуу маалыматтарын салыштыруу үчүн коштоочу жана алдын ала эксплуатациялык чалгындоо жана маркшейдердик маалыматтары.<br>• КГКнын геологиялык контролунун маалыматтары менен салыштырганда категориялар боюнча бекитилген запастардын контурларын жана баланстык таандыктыгын чагылдырган салыштырууга зарыл болгон тилкелердин горизонталдык пландарынын комплекти.<br>• Тилкелер боюнча салыштыруу таблицасы.<br>• Жумушту аткаруу үчүн зарыл болгон кошумча материалдар Буюртмачыдан суралат. |
| 9 | “Отчеттун” мазмунуна карата негизги талаптар. | “Отчеттун” мазмуну Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдердин талаптарына жооп бериши керек. Эгерде КГКда колдонулган стандарттар менен айырмачылыктар болсо, Аткаруучу аларды Буюртмачы менен макулдашат.<br>Бардык техникалык чечимдер, өзгөчө пикирлер, сунуштар жана бюджетке өзгөртүүлөр Аткаруучу тарабынан Буюртмачы менен макулдашылат. |

**Кумтор Голд Компаниясы**
720031, Кыргыз Республикасы
Бишкек ш., Ибраимова көч. 24

**Кумтор Голд Компани**
720031, Кыргызская Республика
Бишкек, ул. Ибраимова 24

**Kumtor Gold Company**
24 Ibraimov Street
Bishkek, Kyrgyz Republic, 720031

Тел.: 996 (312) 90-07-07
Факс: 996 (312) 59-15-26
**www.kumtor.kg**

| | | |
|---|---|---|
| 10 | Аткарылуучу иштердин мөөнөтүнө талаптар. | • “Отчетту” Буюртмачыгы макулдашууга берүү мөөнөтү - келишимге кол коюу стадиясында макулдашылган иштерди аткаруунун календардык графигине ылайык.<br>• Буюртмачы сын-пикирлерди бергенден кийин Аткаруучу тарабынан “Отчетко” өзгөртүүлөр 5 жумушчу күндүн ичинде киргизилет. Аткаруучу “Отчеттун” бүткөрүлгөн вариантын Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдарына кароого берет. |
| 11 | Экспертизадан оң корутунду алуу. | • Материалдарды өз убагында берүү жана КР ЖРЭТКМ тарабынан дайындалган көз карандысыз эксперттен оң рецензия алуу.<br>• 2020–2024-жылдары кошумча жүргүзүлгөн геологиялык чалгындоо жана эксплуатациялык иштердин натыйжасында кендин геологиялык-өнөр жай баалоосунун өзгөрүшүнө байланыштуу Кумтор кенинин Борбордук тилкесиндеги ачык казып алуу үчүн запастардын кайра эсептөө боюнча отчетун ГКЗда бекитүү жана Аткаруучу тарабынан аларды бардык мамлекеттик органдарга өткөрүп берүү. |
| 12 | Жол/жатакана/тамак-аш чыгымдары | • Буюртмачынын талабы боюнча, өндүрүштүк зарылчылык болсо, подряддык уюмдун адистери өндүрүштүк маселелерди чечүүмаксатында кенге баруусу мүмкүн.<br>• Жайгашуу, тамак-аш жана ички транспорт Буюртмачы тарабынан камсыз кылынат. |
| 13 | Буюртмачыга бериле турган материалдар. | ГКЗнын талаптарына ылайык оңдолгон “Отчеттун” 3 басма нускасы жана 1 электрондук архив (Word, Excel, AutoCAD, PDF жана башка кеңири таралган форматтарда, флеш-картада берилет). |
| 14 | Аткаруучуга коюлган талаптар | ГКЗда запастарды эсепке алуу жана эсептен чыгаруу боюнча отчетторду ийгиликтүү коргоо тажрыйбасы болушу керек. |